Советтик патофизиолог С.С. Брюхоненко жан.ы аппарат ойлоп тапкан (автожектор) жана жасалма кан айландыруу ыкмасын иштеп чыккан. 1929-1930-жылдарда Брюхоненконун автожектору Англияда, Германияда жана Францияда патенттелген.

Я.М. Гаккелдин системасындагы тепловоз тузулген. Анда дизел менен кыймылдаткыч октордун ортосунда электр беруу колдонулган, эки динамо-машина орнотулган (ар биринин кучу жарымдан), алар дизелдин октолгоочу-нун учтарына жарым эластикалык муфталар менен бириктирилген.

Д.М. Карбышев пехотага каршы биринчи мина улгулерун (ППМ): пехотага каршы массалык колдонулуучу миналарды, "Пенал" минасын иштеп чыккан. Ал ошондой эле "Карбышевдин тузагы" деп аталган оргиналдуу, оной менен байкалбаган пехотага каршы тоскоолдуктарды (МЗП) сунуш кылган.

## *1925*

31-март

Ойлоп табуучу И.О. Трофимов паравоз мыскалын (золотник) ойлоп тапкандыгы учун №-153 патент алган (1921-жыл, 3-февраль, № 74347-етунме кубелугу).

"Кысылган аба менен тынымсыз автоматикалык токтотуу тузулушун" ойлоп тапкан Ф.П. Казанцевге Ойлоп табуу иштери боюнча комитет тарабынан № 191-патент берилген.

Р.Э. Классон жана В.Д. Кирпичников "Чым конун алуунун гидравликалык ыкмасы" учун Ойлоп табуу иштери боюнча комитеттен № 206-патент алган. Бул ойлоп табууга етунме 1917-жылы 23-октябрда берилген.

30-июнь

Ойлоп табуу иштери боюнча комитет тарабынан М.В. Высоцкийдин атына " Портативдик (кетеруп журуууге ынгайлуу) центрифугалуу ящик" енер жай улгусуне 1924-жылдын 12-декабрындагы артыкчылыгы менен № 1-кубелук катталган.

31-август

Ойлоп табуучу М.А. Капелюшников "Скважинаны гидравликалык бургулоо учун турбиндик кыймылдаткычтуу айландыруучу аппарат" учун № 546-патентке ээ болгон. Бул ойлоп табуунун негизинде М.А. Капелюшников тарабынан тузулген бир баскычтуу гидравликалык турбина жумушчу механизмин тикеден тике кыймылдаткыч менен туташтырууга мумкундук берип, скважинаны бургулоо процессинин натыйжалуулугун кыйла кеп жогорулаткан.

12-октябрь

СССР жана Германиянын ортосунда енер жай менчиги женунде Макулдашуу тузулген. Ушул Макулдашуунун талабына ылайык "Ар бир Макулдашуучу тараптын граждандары ойлоп табууларга, товардык белгилерге жана енер жай улгулеру менен моделдерге карата, ошондой эле карасанатайлык атаандаштыкка каршы курешууге карата ушул мамлекеттин мыйзамдарында езунун граждандарына азыркы учурда берилген жана келечекте берилуучу укуктардай эле укуктардан экинчи тараптын аймагында да пайдалана алышат".

9-ноябрь

Ойлоп табуучулар Б.П. Грабовский, В.И. Попов жана Н.Г. Пискунов № 5592-патентин алууда суретту электрондук-нур жолу аркылуу аралыктан беруучу жана кабыл алуучу ойлоп табуу аппаратын сунуш кылышкан. Бул аппарат Ташкенде 1928-жылы 26-июлда сыноодон еткерулген.

30-ноябрь

А.М.Квартальновго муунак жаздыкты (подшипникти) баббит менен жабуучу прибору учун № 801-патент берилген. Ар бир етунмесунун аягында минтип жаза берген: "Озумдун ойлоп табуумдан материалдык пайда керууну кездебейм, аны Республиканын пайдасына еткеруп беремин." 1921-жылы ага "Эмгектин Баатыры" наамы ыйгарылган (ойлоп таап, иштелип чыккан 100 эмгеги учун).

14-август

Ойлоп табуу иштери боюнча комитет тарабынан Кавказ минералдык сууларын куюу, сатуу жана экспорттоо боюнча "Кавминэкспорт" Пятигорск башкармалыгынын атына, товардык белгисине ("Нарзан" этикеткасы) № 1-кубелук 1928-жылдын 14-августуна чейин каттоодон еткерулген.

4-сентябрь

Советтик конструктор С.Г. Симонов автоматикалык мылтыкты жараткан, ал армияны куралдандырууга 1936-жылы кабыл алынган.

А.М. Игнатьев езун езу курчутуучу кескич ойлоп тапкан (№ 14451-патент).

## *1927*

Январь

Ойлоп табуу иштери боюнча комитеттин алдын ала экспертизалоо патенттик болуму темондегудой милдеттери бар Отунмо бюросу болуп кайрадан тузулген:

1. Отунме кубелугун берууну 56 кунге чейин жеткируу.
2. Отунме кубелугун беруден баш тартуу женунде чечим чыгаруу.
3. Тушкен етунмелердун толук толтурулгандыгын милдеттуу турде кароо (отунмо кубелугун бергенге чейин).
4. Жекече тушундуруп суйлешуу учун ойлоп табуучуларды чакыруу.

30-апрель

Ойлоп табуучу Г.Е. Котельников "Учак аварияга учураганда жургунчулерду сактоо учун тузулуш" - баштык асынма парашюту учун № 2701-патент алган.

8-июль

"Ойлоп табуучулардын биринчи ендуруштук бирикмеси" деген ат менен ендуруштук - кооперативдик кошун тузулген, анын максаты ойлоп табууларын колдонууну жана енер жайда пайдаланууну биргелешип уюштуруу аркылуу бирикменин мучелерунун материалдык жана руханий жыргалчылыгына кемек керсвтуу болгон.

10-август

Эмгек жана Коргоо Кенеши "Буткул союздук полифафиялык кергезмеге коюлган ойлоп табуулардын авторлоруна кергезме ачылган кунден тартып алты айдын ичинде тушкен етунмелер учун чыныгы патент алуу укугун беруу женунде" токтом кабыл алган.

1-октябрь

К.Э. Циолковский жазуучу машинканын жаны туруно етунмо жазып, 1929-жылы 31-майда № 9488-патент алган. Бул кошумча тузулуштору бар жазуучу машинка типографиялык басуу учун стереотиптерди кайталап даярдоого арналган.

17-ноября

Ойлоп табуучу М.А. Капелюшников "Скважинаны айландырып бургулоо учун кыймылдабас тутугу бар тузулушуне" - турбалык бургулоочусуна етунме берген. Бул ойлоп табуу 1930-жылы чет елке фирмаларына сатылган алгачкы советтик лицензиялардын бири болуп эсептелет.

Ойлоп табуучулардын Москвалык ассоциациясы (ОМА) планеталар аралык аппараттардын механизмдери менен моделдеринин биринчи эл аралык кергезмесун уюштурган.

Башкы конструктор Е.И. Важинскийдин жетекчилиги менен АМО-Ф15 автомобилинин долбоору тузулген.

Советтик курал жасоочу уста В.Ф. Токарев револьвер учун патрон колдонулуучу алгачкы советтик тапанча-пулемет жасаган.

## *1928*

26-апрель

СССРдин Эл комиссарлар Кецеши (ЭКК) "Ойлоп табуучулукка кемек керсетуучу иш чаралар женунде" токтом кабыл алган. Токтомдо СССРдин ВСНХи, Эл комиссариаттары, ишканалар ойлоп табуу иштерин уюштурууну кучетууго, новаторлорго илимий жана техникалык жактан жардам берууге, жумушчу ойлоп табуучуларга женилдетилген шарттарда жогорку окуу жайларына, техникумдарга, жумушчу факультеттерине окууга кируу укугун берууге, ошондой эле аларга илимий кызматкерлер менен тен барабар ар кандай артыкчылыктарды берууге милдеттендирилген.

Ушул токтомго ылайык саны ЮОден ашкан жумушчулары жана кызматкерлери бар ендуруштук жана транспорт уюмдарында экспорттоо комиссиялары тузулген. Ишкананы еркундетуу жана ойлоп табуу жаатында ушул ишкананын жумушчуларынын жана кызматкерлеринин сунуштарын карoo жана ага баа беруу, аларга техникалык жактан жардам беруу, сыйлыктарга керсетуу ошолордун моюнуна жуктелген. Ушул эле ишканаларда тиешелуу ишканалардын каражаттарынан, ойлоп табууларды пайдалануудан алынган унемден, чегеруулорден бир жолку каржылоо жолу менен фабрика-заводдук ойлоп табууга кемек керсетуучу фондулар тузден туз ез арналышы боюнча гана пайдаланылууга тийиш болгон.

28-май

СССР ВСНХнын № 713-буйругу менен Илимий-техникалык башкармалыктын алдындагы Патенттик-укуктук бюросу менен ойлоп табуу иштери боюнча мурдагы Бюро (ОИБ) ойлоп табууну ишке ашыруу жана ойлоп табуучулукка кемек керсетуу боюнча Борбордук бюро болуп кайрадан тузулген (ЦБРИЗ), ал ойлоп табуучулар менен енер жайдын ортосунда тыгыз байланыш тузууну камсыз кылууга арналган эле.

ЦБРИЗ темендегулерге милдеттендирилген:

ендурушту жакшыртуучу жана арзандатуучу советтик жана чет елкелук ойлоп табууларды тандоого;

ойлоп табууну жана аларды иш жузунде колдонуунун жыйынтыктарын жайылтуу учун чара керууго;

енер жай ишканаларынын, мамлекеттик жана кооперативдик органдардын, ойлоп табуучулар бирикмелери менен айрым ойлоп табуучулардын тапшырмасы боюнча ойлоп табууларга техникалык-экономикалык экспертиза жургузууну уюштурууга (илим-изилдее уюмдары менен айрым адистердин катышуусунда);

кызыкдар чарбалык органдардын жардамы менен тажрыйбалык улгулерду конструкциялоону, ендурууну жана сыноону уюштурууга;

текширилген жана енор жайлык ишке ашыруу стадиясына чейин жеткирилген советгик жана чет елкелук ойлоп табууларды онор жайда ездештурууну жетектоого.

Ири енер жай борборлору - Ленинград, Харьков, Ростов-на-Дону, Свердловск жана Новосибирск шаарларында ЦБРИЗдин филиалдары уюштурулган. ЦБРИЗдин алдында жана анын филиалдарында эксперименталдык заводдор, устаканалар, конструктордук бюролор жана лабораториялар тузулген.

30-июнь

Телеграфия, телекерсетуу, телемеханика жана кинотехника тармактарында 50ден ашык ойлоп табуунун автору ойлоп табуучу А.Ф. Шоринге "Унду кинолентага жазуу учун тузулушуне" № 5785-патент берилген. 1930-жылы советтик экранга чыккан биринчи ундуу "Беш жылдык" фильминде (режиссеру А.И. Роом) ун А.Ф. Шориндин системасы менен жазылган.

14-июль

СССР ЭККсы "Ойлоп табууну пайдапануу женунде" токтом кабыл алган. Ойлоп табууларды колдонуу елкенун эл чарбачылыгы учун зор мааниге ээ боло турган болсо, аларды пайдалануу тартиби ушул токтом менен жонге салынган. Зор маанилуу ойлоп табууларга укук алуу женунде келишим тузден туз СССР ВСНХы же башка кызыкдар ведомстволор тарабынан (б.а. ар бир конкреттуу учурда ишкана - патент ээси менен тиешелуу суйлешуу жургузбестен эле) тузуле тургандыгы ушул токтомдо белгиленген. Токтомго ылайык ушул сыяктуу ойлоп табууларды иш жузунде пайдалануу, аларды андан ары иштеп чыгуу жана еркундетуу боюнча чара керууге жеке керт башы менен жооптуу атайын адамдар дайындалган.

23-июль

СССР ЭККнын токтому менен ойлоп табуучу К.Э. Циолковскийге авиация жана абада учуу боюнча керунуктуу эмгеги, ойлоп табуучулугу учун 1928-жылдын 1-июнунан баштап емурунун аягына чейин ай сайын алып туруучу 225 сом пенсия чектелген.

Июль

"Басма сездун ойлоп табуучуларды шефке алуу комитети" тузулген. Басма сез органдары айрым ойлоп табууларды ездерунун камкордугуна

алышкан жана советтик мыкты талантуу ойлоп табуучуларды шефкс алышкан. Алар ойлоп табууну ондурушко тез киргизууго комок корсотушкон, ойлоп табуучулардын кызыкчылыктарын жана мыйзамдык укуктарын коргошкон, алардын турмуш-тиричилик жана иштоо шарттарын жакшыртууга жетишишкен.

30-декабрь

Советтик химик С.В. Лебедев спирттен дивинил алуунун жолун, дивинилди тазалоо жолун иштеп чыккан жана аны темир натрийи менен полимеризациялап алгачкы каучук алган.

Советтик физик С.Я. Соколов биринчи жолу ультра ундуу дефектоскопту жасаган.

Советтик физик жана химик П.А. Ребиндер "Ребиндердин эффектней" деп аталган ачылыш жасаган, ал боюнча катуу телолорду активдуу суюктукту катыштыруу менен кесип, козоп иштетууцо алардын сырткы катмарына физикалык жана химиялык оз ара таасир беруу менен адсорбциялык (соруп кеткич) - активдуу чойродо катуу телолордун ныктуулугу томондогон (ачылыш дипломунун номери 28). П.А. Ребиндер тарабынан бетондун, эритмелердин, керамиканын жана металл керамиканын жаны сорттору, активдуу толтургучтары бар полимерлер жасалган..

Ал тузгон цемент желиминин рецепти Москвадагы "Россия" мейманканасынын имаратын каптоодо пайдаланылган.

Н.Н. Поликарпов У-2 окуу учагын жасаган (По-2), кийин ал ар турдуу модификацияда 1953-жылга чейин коп сериялар менен чыгарылып турган.

## *1930*

31-январь

Ойлоп табуучу В.В. Каретников "Консистенттик (эритмедеги жумшактыктын, катуулуктун даражасы) майды даярдоонун жолу" ойлоп табуусу учун патент алган (№ 12765-патент). Бул ойлоп табуу чет олколук фирмаларга сатылган алгачкы советтик лицензиялардын бири болгон.

15-декабрь

С.П. Королев жедил моторлуу "СК-4" учагын конструкциялаган жана жасаган. взунун долбоору боюнча "Красная звезда" моторсуз учуучу аппаратын (планерун) жасаган.

*(Материал автордун макулдугу менен жарыяланды. Уландысы бар).*

**_А.П. Колесников_**

*История изобретательства и патентного дела. - Москва, 1998-жыл, 76-101 -бет.*

# ИЛИМДИН КАЛЕЙДОСКОБУ

- Акыркы 25 жылдын ичинде молекулярдык биологияда уч революция болуп етту: ДНКти синтездее механизми ачылды (полимераздык чынжыр реакциясы); белоктордун тузулушторун тез аныктоонун жолдору табылды; адамдын гендик тузулушу аяктоодо. Бул организмдин функцияларын тушунууге жол ачат жана медицинанын жацы мейкиндигине алып барат. (1Б-51).
- "Канон" сотовый телефондун колемундогу эн биринчи машинка-котормочуну тузгон. Кабелдуу сенсор текст боюнча жылып, ошол замат эле экранда (же эске туткучта) котормо пайда болот. Тузулуштун создугу 400 миц сезден жана идиомалардан тузулгон. (2А-18).
- Жеткен эц сыйгалак материал алынган. Анын каптамасы тефлонго Караганда абдан бышык, анын сурулуу коэффициенти 0.001 - сурулуусу тефлонго салыштырмалуу 40 эсе, мурдагы рекордсмен - $MoS_2$ материалдан 20 эсе аз. Андан жасалган сапфир тетиктеринин каптамасы 10 мин атм. басым менен кысылып, бири бири боюнча сыйгаланып етуунун 5 млн. циклинен кийин 1 мкм ге жукарат. Бул майланбас роторлор, инжекторлор, подшипниктер учун. (2А-27).
- "Керунбес архитектура". Уйдун дубалынын дисплейдсн тузулгон панель менен жабылган жабуусу, бугунку мезгилдин пейзажынын ар кандай суретун чагылдыра алат (2А-43).
- Алюминийден быдырлуу жасалган монолиттуу тунуке каптама автомобиль учун болот тунукеден эки эсе женил жана кыйла бышык болот (2А-35).
- Байланыш спутнигин "Протеус" учагы менен алмаштырса болот. Ал 100 эсе кеп маалымат берет (16 Гбит) жана 20 эсе арзан турат. Учуу бийиктиги 15 8 км, электрондук салмагы 1 т, аны эки пилот башкарат (2Б-23).
- Эгерде самолеттун жылмакай устунку бетин бийиктиги бир миллиметр туш келди оюу-чийуулору бар "томпоктор" менен каптаса, учактын канатынын сырткы аэродинамикалык каршылыгы 13 %га темондойг. Томпоктордун белгилуу бир тартипте жайгашышы каршылыкты 20 %га жогорулатат (2Г-21).
- взунен езу бутелуучу шина. Протектордун алдында ото жумшак желим-герметика катмары болот, тешилген жерди ал кайра бутеп таштайт (2Г-38).
- Алтынды башка кадимки есумдукторго **Караганда** 100 эсе кеп топтогон (60 мкг/г чейин) кээ бир есумдуктердун жардамы менен тиоцианаттарды катыштыруу менен алтын ондурсе болот (4А-553).
- Фазоконтрасттык рентгендик интроскопиянын (ФКИ) жацы ыкмасы кан тамырда уюп калган канды даана суреттеенун контрасттуулугун 50-70 %га чейин жакшыртат (кадимки ыкмада рентген нурун синируу -4 %). Алгачкы баскычта пайда болгон, мурда байкалбаган уюган кандан бери даана корунет. Контрасттуулукту керсетуучу заттардын кереги жок. Нурга чалдыгуу чен-елчему 1-2 эсе темендойт. Бул ыкмада нурлардын

багыты езгорулгенде объектиге тушуучу нурдун фазасынын езгерушу жана бурч боюнча белуштурулушу катталат (2А-55).

- Техникадагы "наномания" кенейтилуудо. TiCh нано-белуктерду **камтыган** пленкалар суу жана май менен сууланат: кузгунун бети тердебейт, машинанын устунку жагы айлап жаркырап тура берет (майлуу чандын бузулушунан жана анын женил жуулушунан улам). Алтын (кызыл) же кумуш (сары) нано белуктеру бар пластмасса айнектери турдештеруне (аналогдоруна) **Караганда** тунугураак жана "флип-флоп" эффектней кобуроек (айнек машинанын ичиндеги буюмдарды керууге тоскоолдук кылат жана ичинен сыртты керууге жолтоо болбойт). Висмуттан жасалган наноеткеруучулер монокристалдуу келип жана кванттык оптикалык, электрлуу жана магниттик резистивдуу касиеттерге ээ. Алар термикалык элекфлуу муздаткычтар учун келечектуу болуп саналат (ЗА-70).
- ДНКтин бир туру - биополимерлердин жаны тиби изилденууде, бирок ал нуклеотиддин терт турунен эмес (жаратылыштагыдай) 8-12 турунен турат. ДНК сыяктуу жаны полинуклеотидцер биохимиялык реакцияларга катышат жана дагы белоктордун милдеттерин аткарат, бул болсо ферменттердин жаны класстарын, татаал белокторду табууга алып келет (С. Броннер, США) (ЗА-80).
- Химиктер тарабынан миллиондоп иштетилип чыккан кошундулардын баары пайдасыз жоголууда. Голландиялык "Спек жана Биоспек" фирмасы аларды катыштыруу аркылуу жаны дарыларды терт баскычта табууну ойлоп тапкан: а) дуйнеде бардык лабороториялардан потенциалдык пайдалуу заттарды чогултат (100 мг учун 38 доллардан) - 1,5 млн. улгулер эчак эле жыйналган; б) аларды граф теориясынын ыкмасы: тузулуш - касиет белгилери боюнча кодцоштурат; в) кызыктуу кошулмаларды табуу учун фармкомпанияларды каражат менен камсыздайт; г) найдалуулук баасын коет жана алар тууралуу маалыматтарды берет (ЗВ-25).
- Ванилин алуунун женекей ыкмасы табылган. Модификацияланган ичеги таякчасы глюкозаны ванилин кычкылдыгына айлантат, андан кийин кычкылдык ванилинге айланганга чейин дегидрогеназ ферменти менен иштетилет (ЗД-42).
- Пневматикалык уруучу машина жана траншейсиз куруу ыкмасы учун комплекс жана инженердик коммуникациялык реконструкция тузулген жана ишке киргизилген. Буларды толук иштеп чыгуу ез меенетун етеп буткен жана алмаштырууну талап кылган 300 мин километр болгон суу менен камсыз кылуу жана суу белуштуруу системасын иштеп чыгуу Россияны туюкка капталган проблемадан куткарышы мумкун (траншейлуу ыкма бул жерде жараксыз). Суу менен камсыздоо маселесин реконструкциялоодо негизги иш - жер кыртышына гутукченун ачык калган тарабын пневматикалык жол менен уруп кагып (820 мм чейин), аны кыртыш алып чыгуучу тузулуш менен тазалоо. Пневматикалык уруучу машина энергияны ондурет, андан 10-15 % гана тутукту жылдырууга жумшалат. Калгандары машинанын тулкусунда жана тутуктор туташтыруучу туйунде толкун процессинде синип кетет. Пайдалуу кыймыл коэффициентин (КПД) жогорулатуу учун тутуктерду бири бирине улоонун бекемдиги $10^9$ Н/м ден жогору болушу керек экендиги табылган.

Урматтуу премьер-министр, урматтуу бизнесмендер! Сиздердин бутунуздардын алдында миллиарддаган жашыл акчалар - траншейсиз технологиянын жабдууларынын экспорту Россиянын калган бардык экспортгорунун денгээлин кеторушу мумкун. Бул учун баары бар - патент жана алтын медалдар, лицензиялар жана аз сериялуу ондуруш. Болгону олкенун жетекчилеринин гана эрки жетишпейт.

- Эгерде кемуртектуу нанометр тутугун электр люминациялоочу полимер пленкасы менен жаап койсок анын электр откоргучтугу $10^8$ эсе жогорулайт, анткени ал еткергучтукке жолтоо болуучу жылуулукту люминация аркылуу башка жакка буруп турат (1А-36).
- Дулойлор менен суйлошуу учун жандоо белгилерди унго жана тескерисинче унду жандоо белгилерге которуучу алгачкы система тузулгон. Суйлоген адамдын сезу экранга белги болуп тушуп, ал эми дулойдун жандоо белгилери унго айланат (2А-36).
- Япониянын Рикен шаарында Мээ илимий институту мээнин тузулушторун жана аткарган милдеттерин изилдеп, маселен, анын айрым болукторундо эске тутуунун озгоруулорун байкаган. Башкы максаттар: мээни тушунуу, аны коргоо, алсак, адамдын каалоосун, эркин тушунууго жондомдуу робот-гуманоид тузуу болуп саналат (2А-40).
- Коммуникация, радиоберуу, экосистема мониторинги (жер-океан-аба чойросу-стратосфера) жана объекттерди бийиктен байкоо учун жогорку децгээлде чечилуучу (коломy жана боегунун тусу боюнча) стратосфералык платформа сынактан откорулген. Платформа аэростат жана пропеллердин жардамы менен стационардык абалда 3 жылга чейин туруууга жондомдуу. Энергия кунден жана отун куйуучу чонокторунон алынат. АКШ 2002-жылы 30 км бийиктикте дал ушундай тузулуштогу флотилия жасоого камданып жатат (2Б-24).
- Дисплей коз айнектери жасалган. Салмагы 110 грамм. Это сейрек оптиканын тузулушунон (устунку беги "томпок эмес эркин" жасалган) жана СК (суюк кристалл) дисплейден тузулуп, озгочо электр откоргуч (кабель) менен видеотехникага туташтырылганда, 2 метр аралыктан 62-дюймдуу телевизор сыяктуу корсотот, бирок ачык, даана корсотот (2Б-45).
- Автомобиль учун жацы маалымагтык навигациялык система ез **турундогулорго Караганда** тезиреек иштейт жана чаканыраак. Бул тузулуш 680 япон шаарларынын так картасын камтыган, ал ошондой эле 500 метрге чейинки аралыкты уч чен-олчом менен корсотуп, коркунучтуу кырдаалды ун менен билдирет (2Б-49).
- 1998-жылы ноябрь айында Япон виртуалдуу чын турмуш коомунун 3-конференциясы болуп отту. Бугунку кундо адам жана коом канааттандыраарлыксыз эмгектенип жатышат, корунуп тургандай, виртуалдуу чын турмушсуз (ВЧТ) алардын онугушу мумкун эмес окшойт. Татаал системанын жеткиликтуу онугушуне ВЧТ гана баа бере алат (мисалы, адам - процесс - продукт; жаратылыш - адам - олко - дуйно; адам жана ooру), алар учун ыцгайлуу шарт тузуп, тоскоолдуктарды жоет. От© чукул, озгочо шарттарда ВЧТ гана моделдуу эксперименттерди жургузууго жол ачат (мисалы, оорунун ©тушу, экономиканын онугушу же техникалык систе-

манын абалы). Бул учун жалан эле окумуштуу, инженер, экономист жана саясатчылардын эле аракети эмес, социолог, психолог, медик, искусство кызматкерлеринин да эмгеги зарыл (2В-2).

- Башка кийме (Head Mounted Display) жана колго кийме компьютердик тузулуштердун пайда болушу туюу сезимдерин кучетет. Виртуалдуу чын турмуш (ВЧТ) - бул мейкиндикте суреттеп керсотуу, аны жаратууга озундун катышкандыгынды сездирген чыныгы же ойлоп табылган нерсенин модели. Мисалы, сиз скульптураны же автомобилди кайта озгертуп жибере турган ез колуцузду туюп турасыз. ВЧТ медицинада ийгиликтуу колдонулууда, ал учкучтарды, хирургдарды, диспетчерлсрди, кол онерчулерду окутууда, уйретууде эч нерсе менен алмаштыргыс болуп калды. "Mixed Reality Systems" (чыныгы жана виртуалдуу объекттердин аралашкан системасы) тездик менен енугуп жатат. Чыныгы технологиялык же биологиялык процесстерди алар так чагылдырат. Мисалы, ал айдоочунун жолду 3 мм ге чейинки тактыкта стереоскопиялык коруусун камсыз кылат. Туюу сезимдеринин толук комплексин сезе билдируучу, космикалык виртуалдуу чын турмушка (ВЧТ) саякат жасоого мумкундук беруучу "Виртуарий"( планетарийдин жаны мууну) тузулгон (2В-16-65).
- Эгерде уронду ото кургатып, суусун 5 %дан томон гана калтырса, аны кадимки температурада 5-10 жыл сакгоого болот (4А-758).
- Диаметри 1 атомго барабар, узундугу 1 нм алтын зымдын электр еткоргучтугу олченгон. Ал 13 кОм [1] ди тузет жана кванттык мунозго ээ (4А-783).
- Тропикалык дарыялардын киргилденген сууларында жашаган балыктын (узундугу 10 см) жацы типтеги "коруусу" байкалган. Анын куйрук жак белугу алсыз электр сигналын берет (0.1 мс боюнча). Алар объектинин электр талаасын (10 см аралыкка чейин) алмаштырат да, ал ез кезегинде мээ менен байланышкан электрорецептор жайгашкан балыктын ортонку болугунун терисине так турундогу зарядды берет. Тактын формасы, колему, тусу боюнча балык озун кызыктырган заттын турун жана жакын-алыстыгын аныктайт (4Б-890).
- Бардык жандуулар 200 МПа да (2 миц атм) елушет, бирок жерден перфторкемурсуутек, чейросунде 600 МПа га чыдаган (Мариан шаркыратмасынын тубундегуден 6 эсе кеп) микроорганизм табылган (ал 40 мин клеткадан турат). Ал -253° жана +151° та жашай берет, вакуумга жана рентгендин жогорку ченемине туруштук берет (4Б-853).
- Бампердик жана рессордук тузулуштегу амортизаторлор учун жацы реологиялык суюктук гидравликалык системага Караганда алда канча ылдам иштейт. Суюк чейредегу полимерлуу белукчелер (диаметри 5 мкм) электр талаасында торчолорду тузуу менен уюп калышат, бул болсо суюктуктун илээшкектигин кучетет. Бул XXI кылымдын автомобилдери учун (5А-132).
- Адамдар жаратылыш ($CH_4$) же синтез газынан (CO+Hr) алынган жацы куйуучу отун - диметил эфирине етуп жатышат. Экологиялык жактан таза (5А-133). Европага арзан газ женеткондун ордуна аны да, езунду да ДМЭ (диметил эфири) менен камсыз кылганга убакыт келди.

- Буу жасоого отунду темендегулордун эсебинен 30-40 %га аз кетирууге болот: тутун газынын температурасын азайтуудан; жылуулук алмаштыргычтарды жакшыртуудан; абанын/отундун кайнашын козомолдоо менен; иштетилген, агызып жиберилуучу суунун жылуулугун болуп алууну жогорулатуудан; сууну жана тутукторду даярдоо жана тазалоо менен; тутукторду изоляциялоо менен (5А-165).
- Индия пахтадан жасалган кездеменин сапатын жакшыртууда. Ал крахмал жана анын химиялык жаны турлору (модификациялары) менен иштетилип чыгат. Жумшагыраак, сурулууго чыдамдуу, аны менен жип ийруучу жана токуучу машиналар да ылдам иштейт (5А-165).
- Куйгон газдан азот кычкылдарын болуп таштоонун жаны жолдору сунуш кылынган. Кычкылдар "устуртон бузулууга чалдыккан индукцияланган плазма менен" азотко айланганга чейин бузулат (УБИП). Керамикалык тутукченун пленка электродунда (8 кВ, 12.5 кГц) томондогу реакциялар журот: N+(bicbiK электрондор)=2^(муздак электрондор); N0+N=$N_2$+0 ж.б. Азоттун атомунун реакциясы кычкылтектин атомуна Караганда кыйла тез болот. $No_x$ ушуну менен толук болунуп салынат. УБИП процессинде электрондор гана жылытылып, иондор менен атомдор муздак бойдон калат, ошондуктан газдын бардык болуктору эн жогорку температурага чейин ысыган электродуга жана аммиак процессине салыштырмалуу эн аз энергия сарпталат. Бул арзан жана натыйжалуу ыкма болуп саналат (6А-694).
- Эсумдук туюу сезиминин бардык беш туруно тец ээ болушу мумкун. Алар осууго туртку берген белок гормон-сенсорлоруна ээ. Урон го жарыктын тийиши же тутундун жыты алардын осууго болгон ийкемдуулугун арттырат. Кээ бир осумдуктор чымын-чиркей, курт кумурскалардын жытын сезип, алар коркуучу затгарды болуп чыгарат. Айрымдары тийип кетпесин деген-сип, жалбырагы менен чумконуп алат. Меке жугоруну кунуно (30 секунд-дан) кубуп-силкуу тушумду 30 %га жошрулатат. YH (75 децибел, 2 кГц) буурчактын осушуно таасир этип, редисканын эски уронунун онумдуулугун 20дан 90 %га чейин жогорулутат. Чымчыктардын чырылдап сайраганы да жагымдуу таасир берет. Деги осумдуктордо интеллект барбы? - деген суроо-буз жоопсуз калып келатат (2Д-24).
- Медицинада жацы багыт - фотодинамикалык терапия тез енугуудо (ФДТ). 1998-жылы курамында боектору бар тканга жарык нур тийгенде, ал Ог ни активдештирип, рак клеткасын (жана башкаларды) жок кылаары байкалган. Рактын ФДТсы учун: жарыктын тканга терендеп кириши (жарыктын толкуну канчалык узун болсо, ал ошончолук терец кирет), натыйжалуулугу, тандоочулуулугу (кадимки клетканы жок кылбайт) жана уулуу эместиги зарыл. Жутуп, синирип алуучу боекторго ИКда-(инфракызыл) басым жасоо адатга натыйжалуулукту кескин томондотот (когу кучгуурок). Бул ыкма медицинанын башка тармактарында, айрыкча тери ооруларын жана атеросклерозду дарылоодо пайдаланылууда. Тандоочулуулуктун эц мыкты жыйынтыгы табылган - тогоо (жазы тооногуч) боеочу заттарды кан тамырдын боорлоруна **Караганда** 16-34 эсе коп сицирет; жарык нур тийгенде алар бузулуп, ал эми кан тамыр жуулуп калат. ФДТ антибиотиктерге Караганда кан журуучу тутукчонун керексиз

есушун (рак **менен** ооруп **же** кезу кербей **кал**ганда) токтотууга жана антибиотиктерге **Караганда** объектилерди тезиреек тазалоого жвндемдуу. Анча кеп эмес влчомдер рак клеткаларын взгертот жана жугуштуу оорудан сактай турган кучке ээ кылат. Кептвгвн маселелер али чечиле элек (ЗА-22). Татаал белоктор кошулган боеочу заттардын комплекстери жвнунде свз боло элек.

- Жаны туулгандарды ультра жашыл нурга кармоо сунуш кылынган. Ал гемоглобинди кадимкидей алмаштырып, мээни бузулуудан сактайт (2Г-13).
- Пульсардын ылдамдыгы (секундуна 500 км) кадимки жылдыздардыкына **Караганда** 10 эсе жогору. Бул реактивдуу тартылууну жаратуучу элементардык белуктердун ез ара аракеттеринин натыйжасында болуучу багытталган жардыруулар менен тушундурулет (2Г-20).
- Жаны ИК( инфра-кызыл) лазердик тузулуш (0.5 Вт, $10''^{12}$с) жаны терелгондердун мээсиндеги $0_2$нин денгээлин аныктайт. Башта кептеген нур еткергучтер жана 32 фотодетектор жайгаштырылат. $0_2$нин жетишсиздиги мээнин бузулушуна алып келет (2Г-24).
- РНКнын $10^{15}$ кутуусуз ырааттуулугу талданып чыккандан кийин алардын арасынан айрымдарынын нуклеотид- РНК тогоолорунун синтезделишин $10^6$ эсе ылдамдата тургандары табылган (2Г-27).
- Биринчи жолу дендрит клеткасы иммун системасын СПИД вирусун, хламидия бактериясын (чычкандарда) жок кылуучу Т-клеткасын иштеп чыгууга мажбурлаган. Мурда медицинада "дендрит" багытында ракка каршы вакцина жасалган. АКШда ар бир онунчу аял хламидия оорусуна чалдыккан (2Д-7).
- Модификацияланган бактерия темирди дат басуудан сактайт. Алардын пленкасы $0_2$, $H_2S$ ж.б. афессивдуу газдарды еткербейт (2Д-7).
- Коптеген химиялык ендуруштерде зыяндуу жана куйуучу органикалык эригкичтерди бутил-метилимидазолий гексафторфосфат менен алмаштырууну сунуш кылышкан. Ал тузду сууга Караганда жакшы эритет, органикалуу заттар органикалык эриткичтерден натыйжалуу болот. Продуктудан оцой белунет жана зыянсыз (2Б-13).
- Мурдагы белгилуу сигналдык молекулаларга Караганда ооруну туюу сезимин $10^4$ эсе кучтуу индукциялоочу пептид табылды. Ал ошондой эле алардын таасирин стимулдаштырып гурат. Азыр пептидди басуучу заттар изделууде, бул болсо медиктерге кошумча эффектней жок, оорутпоочу кубаттуу препарат болуп бере алмак. (2Б-23).
- Япониянын оюнчук чыгаруучу фирмасы табигый таштан жана пенополистиролдон жылуулук таратуучу (андан коргоочу) материал жасаган. Ал "Шаттлдын" каптамасынан эки эсе женил жана 200 °тан 1700 °ка чейинки ысыктыкка туруштук берет (2В-15).
- Сулук курт кан тамырдын варикоздуу кецейишиндеги оорудан эффективдуу сактайт. Алар жараны айыктырып, кан тамырдагы шишиктерди бир топ кичирейтет (2Д-12).

*"Изобретатель и рационализатор "*
*журналынын 1999-жылдагы 3-6-сандарынан*
*алынып, которулду*

**НОРМАТИВДИК АКТЫЛАР**

# Т О К Т О М

Бишкек ш., Экмет уйу 27-ноябрь, 2000-жыл, № 694

**Интеллектуалдык менчиктин объектилери бар товарларга карата бажы контролдугунун тартиби тууралуу Жобону бекитуу жонундо**

Кыргыз Республикасынын Бажы кодексинин нормаларын ишке ашыруу максатында жана Кыргыз Республикасынын Буткул дуйнелук Соода Уюмуна киргендигине байланыштуу Кыргыз Республикасынын вкмету токтом кылат:

1. Интеллектуалдык менчиктин объектилери бар товарларга карата бажы контролдугунун тартиби жонундо тиркелген Жобо бекитилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы Мамлекеттик бажы инспекциясына жуктелсун

3. Бул токтом массалык маалымат каражаттарында жарыялансын.

Премьер-министр А. Муралиев

Кыргыз Республикасынын
©кметунун 2000-жылдын
27-ноябрындагы № 694-
токтому менен бекитилген

**Интеллектуалдык менчиктин объектилери бар товарларга карата бажы контролдугунун тартиби жонундо**

**Ж О Б О**

## I. Жалпы жоболор

1. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын Бажы кодексине ылайык иштелип чыкты жана анда интеллектуалдык менчиктин объектилери бар товарларга карата бажы контролдугунун тартиби аныкталат.

2. Бул Жобонун максаттары учун темендогу аныктамалар колдонулат:

*интеллектуалдык менчиктин объектилери* - илимдин, адабияттын жана керкем енордун чыгармаларынын нускалары; ЭЭМ профаммаларынын, маалыматтар базаларынын, фонограммалардын нускалары; тейлее белгилери, товарлар чыгарылган жерлердин аталыштары менен белгиленген товарлар; онер жай менчигинин башка объектилери бар товарлар, селекциялык жетишкендиктер, интегралдык микросхемалардын топологиялары;

*укук ээси* - интеллектуалдык менчиктин объектисине карата укук ээси же ушундай объектиге карата езгечелуу лицензиянын ээси;

*контрафакт товарлар* - Кыргыз Республикасынын бажы аймагына ташып келуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерине ылайык корголуучу укук ээлеринин укуктарын бузууга алып келуучу интеллектуалдык менчиктин объектилери бар товарлар;

*товар чыгарууну убактылуу токтотуу* - интеллектуалдык менчиктин объектилери бар товарларды чыгарууну же шарттуу турде чыгарууну Кыргыз Республикасынын бажы органдарынын убактылуу токтотушу.

3. Кыргыз Республикасынын бажы органдары Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы Мамлекеттик бажы инспекциясынын (мындан ары - МБИ) реестрине киргизилген интеллектуалдык менчиктин объектилерине карата укук ээлеринин укуктарын езунун милдеттеринин чегинде коргоону ишке ашырат.

## II. Интеллектуалдык менчиктин объектисин каттаттуу боюнча отунмо

4. Интеллектуалдык менчиктин объектисин МБИнин реестринде каттатуу боюнча отунмену укук ээси МБИге берет жана ©тунмеде темендегулер камтылат:

1) *арыз,* анда булар болушу зарыл:

- укук ээси жонундо толук маалыматтар;

- реестрге киргизиле турган интеллектуалдык менчиктин объектисинин аталышы;

- анын товарын ондуруп чыгаруучу уюмдардын, ошондой эле ага тиешелуу болгон интеллектуалдык менчиктин объектилерин пайдалануу боюнча укуктары же лицензиясы бар уюмдардын аттары жана даректери, объекттерди пайдалануу боюнча укуктарын ырастоочу документтер;

- оригиналдуу товар чыгарылган жердин аты;

2) *интеллектуалдык менчиктин объектисине карата укуктарды* ырастоочу документтер. Алар темендегулер болушу мумкун:

- ойлоп табуунун же енер жай улгусунун алдын ала патенти, алардын патенти, Кыргыз Республикасынын вкметунун алдындагы интеллектуалдык менчик боюнча Мамлекеттик агентствосу (мындан ары - Кыргызпатент) берген пайдалуу моделдин кубелугу;

- товардык белгинин катталгандыгы женунде Кыргызпатент берген кубелук;

- товардык белгинин Кыргыз Республикасынын аймагында эл аралык каттоого алынгандыгы женунде Кыргызпатенттин тиешелуу ырастоосу менен кошо Интеллектуалдык менчиктин Буткул дуйнелук уюмунун Эл аралык бюросунун реестринен алынган кечурмо;

- товар чыгарылган жердин аталышын пайдалануу укугуна карата Кыргызпатент тарабынан берилген кубелук;

- фирмалык аталыштын каттоого алынгандыгы жонунде Кыргызпатент тарабынан берилген кубелук;

- эгерде автордук укук Кыргызпатентте катталган болсо, анын каттоого алынгандыгы женунде кубелук;

- интегралдык микросхемалардын топологияларынын каттоого алынгандыгы женунде кубелук;

- селекциялык жетишкендиктин патенти;

- Кыргызпатентте катталган енер жай менчигинин объектисине карата укукту еткеруп беруу женунде келишим (лицензиялык келишим, укуктарды ыктыярдуу еткеруп беруу женунде келишим);

- автордук укуктун объектисине карата укукту еткеруп беруу женунде келишим (лицензиялык келишим, укуктарды ыктыярдуу еткеруп беруу женунде келишим);

- селекциялык жетишкендикке карата укукту еткеруп беруу женунде келишим (лицензиялык келишим, укуктарды ыктыярдуу еткеруп беруу женунде келишим);

- интегралдык микросхемалардын топологиясына карата укуктарды еткеруп беруу жонундо келишим;

3) интеллектуалдык менчиктин объектиси бар *оригиналдуу товардын баяндамасы* жана, зарыл болсо, интеллектуалдык менчиктин объектиси бар товардын сырткы корунушу женунде толук тушунук беруучу анын улгусу же фотосурету, же дагы башка маалыматтар;

4) контрафакт товарларды аныктоого мумкундук беруучу *башка ар каидай маалыматтар:*

- контрафакт товар болушу мумкун дел шек туудурган товарды импорттоочунун же ошол жукту алуучу адамдын аты жана дареги;
- шектуу товардын толук баяндамасы, анын ичинде ошол товардын улгусу же фотосурету;
- шектуу товар чыгарылган елке же елкелер, аны чыгарган ишкана;
- бажы документтерин толтуруу учун шектуу товар болжолдуу турде берилуучу жердин аты;
- унаанын туру же транспорттоочу уюмдун аты;

5) бажы органдарынын чыгымдарын (эгерде шектуу товар убактылуу кармалгандан кийин укук ээси белгилуу моенеттун ичинде кармалган товардын андан аркы тагдырын чечип беруусу женунде тиешелуу сотко арыз бергендигин документ менен ырастабай койгон учурларда) же *жарнак беруучунун (декларанттын) тарткан зыяндарын* (эгерде кармалган товар соттун чечими менен контрафакт товар эмес деп табылган учурда) *твлоп бере тургандыгы тууралуу укук ээсининин МБИ менен тузгвн келишими;*

6) *жыиым толонгвндугун ырастоочу документ.*

## III. Отунмону карап чыгуу

5. ©тунмену кабыл алуу жана карап чыгуу МБИ тарабынан жургузулет.

6. Этунме ушул Жобонун 4-пунктунун 1-3, 5- жана 6-пунктчаларына дал келген шартта МБИ етунме тушкен кунден кийин беш кундун ичинде интеллектуалдык менчиктин объектисин катгоого алуу женунде жана аны коргоону камсыз кылуу женунде чечим чыгарат.

7. Интеллектуалдык менчиктин объектисин каттоого алуу женунде чечим чыгарылгандан кийин ал реестрге киргизилет.

Интеллектуалдык менчиктин объектисинин чыныгы экендигин аныктоо учун керектуу маалыматтарды камтыган маалыматтар барагы 3 кундун ичинде региондук бажы органдарына жана аны аткаруу учун ал андан ары бажыканаларга жиберилет.

Интеллектуалдык менчиктин объектиси укук ээсинин арызы боюнча же укук ээси интеллектуалдык менчиктин объектисине карата укуктарынын жоюлушуна байланыштуу маалыматтардын езгергендугу тууралуу билдирбеген учурда, укук ээси алмашканда жана лицензиялык келишимди колдонуу меенетунен мурда токтотулганда же интеллектуалдык менчиктин объектисин реестрге киргизууде жалган маалыматтар берилгенде МБИнин чечими боюнча реестрден меенетунен мурда чыгарылышы мумкун.

8. Каттоону колдонуу мееноту интеллектуалдык менчиктин объектисин каттоого алуу женунде МБИ чечим чыгарган учурдан тартып - эки жыл жана ага бажы контролдугу ушул мееноттун ичинде жургузулет. Аталган моенет укук ээси кошумча жыйым толее шартын аткарып, арыз берген учурда кийинки дагы бир мееноткe узартылышы мумкун.

Каттоону колдонуу мееноту интеллектуалдык менчик укугунун жарактуулук мееноттунен узак болушу мумкун эмес.

9. Интеллектуалдык менчик укугу реестрде каттоого алынганда томондогу аткарылган иштер учун жыйым алынат:

- интеллектуалдык менчиктин объектилеринин ар бирин каттоого алгандыгы учун - 1330 сом;
- интеллектуалдык менчик объектисинин каттоосунун жарактуулук меонетун узарткандыгы учун - 410 сом.

10. Реестрди МБИ жургузет. Реестрди жургузуунун жана аны жарыялоонун тартибин МБИ аныктайт.

## IV. Товар чыгарууну убактылуу токтотуу

11. Интеллектуалдык менчик объектилери бар товарларга карата бажы документтерин толтуруунун жана бажы контролдугунун тартиби ушул Жободо каралган езгечелуктер эске алынуу менен Кыргыз Республикасынын Бажы кодексинде жана башка нормативдик укуктук актыларда белгиленген тартипте ишке ашырылат.

12. Интеллектуалдык менчиктин реестрде катталган объектилери бар товарлар кармалган учурда бажы органдары бул товарларды чыгарууну же шарттуу чыгарууну жана сатууну убактылуу токтотушат.

Товар чыгарууну убактылуу токтотуу женунде билдируу алгандан кийин укук ээси товарды ташып келууге жазуу жузунде макулдук берсе товар чыгаруу токтотулбайт.

13. Товар чыгарууну он жумушчу кундук мееноткe чейин убактылуу токтотуу жана аны андан ары дагы он кунден ашпаган мееноткe узартуу мумкунчулугун караштыруу менен токтотуу женунде чечим Кыргыз Республикасынын бажы органынын башчысы тарабынан же анын ордундагы кызмат адамы тарабынан чыгарылат.

14. Кыргыз Республикасынын бажы органы товар чыгарууну убактылуу токтотуу женунде чечим кабыл алынган кундун эртесиндеги жумушчу кунден кечикпестен товар чыгарууну убактылуу токтотуу женунде жарнак беруучу менен укук ээсине билдирууге милдеттуу, ошондой эле ал жарнак беруучуге укук ээсининин аталышы менен дарегин, ал эми укук ээсине жарнак беруучунун аталышы менен дарегин кабарлайт.

15. Укук ээси товар чыгарууну убактылуу токтотуу жонундо билдирууну алгандан кийин ал он жумушчу кундун ичинде бажы органына тиешелуу сот органында товар чыгаруу убактылуу токтотулгандыгына карата озунун мыйзамдуу укуктары менен кызыкчылыктарын калыбына келтируу боюнча чара коргендугун ырастоочу документтерди бериши керек.

16. Эгерде укук ээси сот процессии козгогондугу жонундо бажы органына он кундук моонот буткондон кийин билдирбесе жана жарнак беруучу товарларды ташып келуу боюнча калган шарттарды аткарса товарлар жарнак беруучуго кайтарылып берилет.

## У. Товар чыгарууну убактылуу токтотууга байланыштуу чыгымдарды телвп беруу

17. Укук ээси товар чыгарууну убактылуу токтотуу женундо билдируу алгандан кийин уч кундун ичинде, эгерде андан жарнак беруучу зыян тартышы ыктымал болсо, аны жабуу учун акча чегерет (акча кепилдигин камсыз кылат). Акча кепилдиги бажы органдары тарабынан бажы мыйзамдарына ылайык аныкталуучу олчомдо чегерилет.

Эгерде укук ээси озунун мыйзамдуу укуктары менен кызыкчылыктары соттук тартипте корголгондугун ырастаган документтерди бербесе ага акча кепилдиги кайтарылып берилет.

Чыгарылышы токтотулган товарлардын контрафакт экендиги жонундо маселени караган сот ошондой эле укук ээси берген акча кепилдигинин тагдыры жонундо маселени да чечет.

## VI. Кыргыз Республикасынын бажы органдары беруучу маалыматтарга карата мамиле. Товардын болугун жана улгусун текшеруу учун алуу

18. Товар чыгарууну убактылуу токтотуу жонундо чечим кайсы товарга карата кабыл алынса ошол товардын контрафакт же чыныгы товар экендигин аныктоо учун пайдаланууга мумкун болгон мамлекеттик, коммерциялык, кызматтык жашыруун сыр же мыйзам тарабынан корголуучу болок жашыруун сыр болуп эсептелген маалыматты бажы органы анын жашыруундугун сактого зыян келтирбестен укук ээсине жана жарнак беруучуго бере алат.

19. Укук ээлери же жарнак беруучулор алган маалымат учунчу адамдарга берилбейт жана ал аларга эмне учун берилсе ошол максатта гана пайдаланылышы керек.

20. Бажы органынын уруксаты боюнча жана анын кызмат адамынын катышуусунда укук ээси жана жарнак беруучу товар чыгарууну убактылуу

токтотуу женунде чечим кайсы товарга карата кабыл алынса ошол товардын белугун жана улгусун ала алышат жана аларга изилдее (экспертиза) жургузе алышат.

## VII. Товар чыгарууну убактылуу токтотуу женунде чечимди жокко чыгаруу

21. Эгерде укук ээси товар чыгарууну убактылуу токтотуу женунде чечим ез кучунде болгон меенеттун ичинде товар чыгарууну убактылуу токтотуу жана (же) аны МБИнин реестринен чыгаруу женунде чечимди жокко чыгаруу етунучу менен кайрылса, же болбосо ушул Жободо белгиленген елчемде жана белгиленген меенетте акча чегербесе, товар чыгарууну убактылуу токтотуу женунде чечим жокко чыгарылат.

22. Укук ээси кармалган товарга сот процесси козголгондугу тууралуу жана сот тарабынан ушул товар барымтага алынгандыгы женунде далилдерди бергенден кийин товар чыгарууну убактылуу токтотуу женунде чечим жокко чыгарылышы керек. Товар чыгарууну убактылуу токтотуу женунде чечимди Кыргыз Республикасынын бажы органынын башчысы, же болбосо анын ордундагы кызмат адамы жокко чыгарат.

варга
шгин
члык,
-фуун
сак-

адам-
айда-

ынын
гылуу

**КЫРГЫЗПАТЕНТТИН КАБАРЛАРЫ: ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИКТИН МАСЕЛЕЛЕРИ**

**ВЕСТНИК КЫРГЫЗПАТЕНТА: ВОПРОСЫ ИНТЕЛЛЕКТУАЛЬНОЙ СОБСТВЕННОСТИ**

**Илимий-практикалык журнал**

# № 2, 2000


Чыгышына жооптуу Арипов С.К.
Аткаруучулар: Идинова Ж.А.,
Аманов М., Бакиров К. (котормочулар)

Журналдын оригинал макети Кыргызпатенттин Редакциялык-басма борборунун компьютердик-полиграфия белумундо басылды. Тел: (0-312) 51-08-18

Теруугe берилди 10.02.2001
влчему 70 х 108 1/16
Шарттуу келему б.т. 8,42
Нускасы 100

Кагазы Xerox Business
Заказ № 77

Басууга кол коюлду 20.04.2001-ж.
Басылды 27.04.2001-ж.
Басма келому б.т. 8,18
Баасы эркин белгиленет

Редакциянын дареги: 720021, Бишкек ш., Москва кочосу 62, Кыргызпатент
Тел: 68-08-19, 68-16-41, 51-08-18.

Б.Джумабаев. С.Каралаевдин "Тулпарлар" китебине ил. 1965.

Б.Джумабаев. Ил. к книге С.Каралаева "Крылатые кони". 1965.